КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

А.МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КАРАЛДЫ
Ош МПУнун Окуу-усулдук кеңеши
01.07.2022-жыл, №4 кеңешме
Ош МПУнун ОУКтун төрагасы,
б.и.к.,проф. Раимбеков К.Т._____

БЕКИТИЛДИ
Ош МПУнун Окумуштуулар кеңешинин
№ 8 протоколу, 04.07.2022-жыл
Ош МПУнун ОКнын төрагасы,
п.и.д., профессор Зулуев Б.Б._____

Силлабус, жумушчу программа жана окуу усулдук топтом (комплекс) жөнүндө Жобо

Ош – 2022

Ош МПУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2018-жылдын 29-январындагы № 38-2/122 чечими жана ректордун 2018-жылдын 1-февралындагы буйругу менен бекитилген.

Жобо дисциплина боюнча силлабус, жумушчу программа жана ОМК түзүү эрежелерине коюлуучу жалпы талаптарды аныктайт.

Жободо дисциплинанын окуу-методикалык комплексинин мазмуну жана структурасы жөнүндө, аны иштеп чыгуунун тартиби, ОМКны иштеп чыгуунун мазмунуна жана сапатына көзөмөл жүргүзүү жөнүндө талаптар, ошондой эле ОМКнын ар бир бөлүмүн иштеп чыгуу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жана сунуштар берилген. Тиркемелерде дисциплинанын жумушчу программасы, силлабусунун макеттери, окутуунун жаңы технологиялары жөнүндө маалыматтар, библиографиялык документтерди ГОСТ 7.1-2003 боюнча берүүнүн мисалдары келтирилген.

Жобо ОшМПУнун кафедра башчыларына жана профессордук-окутуучулук курамга, факультеттин декандарына, структуралык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине сунушталат.

1. Жалпы жоболор

1.1. Силлабус, жумушчу программа жана окуу-усулдук комплекс жөнүндө Жобо Ош мамалекеттик педагогикалык университетинин бардык кафедраларынын иш пландарына киргизилип, окуу процессинде жүзөгө ашырылып жаткан дисциплиналарды окуу-методикалык жактан камсыздоо үчүн коюлуучу бирдиктүү талаптардын аткарылышын көзөмөлдөөгө арналат.

1.2. Ушул Жобо окуу дисциплиналарын окутуудагы улантуучулукту сактоо, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштөөсүн натыйжалуу уюштуруп колдоого мүмкүнчүлүк берүүчү шарттарды жаратуу максатында дисциплиналарды мазмуну жагынан да, формасы жагынан да окуу-усулдук комплекстерди, силлабустарды жана жумушчу программаларды даярдоо процессин жөнгө салат.

1.3. Силлабус, жумушчу программалар жана окуу-методикалык комплекстер кафедрада ар бир дисциплина боюнча окуу процессин жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык уюштуруу максатында түзүлөт.

1.4. Бул Жобонун талаптары ОшМПУнун бардык кафедралары тарабынан аткарылууга тийиш.

2. **Дисциплинанын силлабусун түзүү боюнча усулдук көрсөтмөлөр**

2.1. Окуу процессин окутуунун кредиттик системасы боюнча уюштуруу шарттарында дисциплинанын жумушчу программасынын эки түрүн иштеп чыгуу зарыл болуп саналат.

Биринчиси-студент үчүн **силлабус** жана экинчиси окутуучу үчүн - **жумушчу программа.**

Силлабус – дисциплинанын жумушчу программасы, ал өзүнө үйрөнүлүп жаткан дисциплинанын баяндалып жазылышын, анын максатын жана милдеттерин, кыскача мазмунун, ар бир сабактын темасын жана окулуу узактыгын, өз алдынча иштөө боюнча тапшырмаларды, консультациялар убактысын, окутуучунун талаптарын, баалоо критерийлерин, чектердеги текшерүүнүн (модулдун) жадыбалын жана адабияттар тизмесин өзүнө камтыйт. Силлабустар адистиктин мамстандартынын, типтүү окуу планынын, типтүү окуу программасынын, билим берүүнүн логикалык моделинин негизинде түзүлөт. Силлабустарды түзүүдө пререквизиттерди жана постреквизиттерди эсепке алуучу системалуу мамилени пайдалануу зарыл.

2.2. Силлабустун түзүмү. *Силлабус* – ар бир предмет боюнча студенттерди окутуунун программасы... Пайдалануучу шрифтер: 12 өлчөмдөгү Times New Roman, 2003_Oktom_TimesXP, сап аралык интервалы 1. А4 өлчөмүндөгү бараста бардык тараптарынан 2 смден калтырылып көлөмү 8-10 беттен ашпайт. Силлабусту иштеп чыгууда мазмунунун түзүмү боюнча төмөндөгү талаптарды аткаруу зарыл**.**

1. Окутуучу жөнүндө маалыматтар: Ушул курсту окуткан окутуучунун аты-жөнү, илимий наамы жана даражасы, ээлеген кызматы, эмгек стажы, байланыш телефондору, электрондук почтасы ошондой эле окуу жайдагы орду (кафедранын аталышы, каананын номери).

2. Дисциплинанын аталышы жана коду, кайсыл багыт (адистик) үчүн пайдаланылат.

3. Кредиттер саны - (жумадагы аудиториялык сааттардын саны терилип жазылат, мисалы, жумасына 3 кредит — 2 саат лекция жана 1 практикалык сабак, же болбосо 1 саат лекция жана 2 саат лабораториялык сабак; аудиториялык сааттардын бөлүнүшү окуу планында берилет).

4. Датасы: курсту окуп-үйрөнүүнүн жылы жана семестри көрсөтүлөт.

5. Дисциплинанын максаты жана милдеттери. Дисциплинаны окутуунун максаты: - дисциплинаны окутуунун максаты типтүү программага ылайык аныкталат. Бул-ушул курсту окуп-үйрөнүүдө студенттер жетүүчү башкы натыйжанын кыска жана айкын туюндурулушу.

Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн милдеттери: - курсту окуп-үйрөнүүнүн милдеттери адистикке карата конкреттештирилип, студенттер кандай конкреттүү билгичтиктерге жана көнүмдөргө ээ болуусу тууралуу коюлган максаттардан улам аныкталат.

6. Курстун баяндалышы. Курстун кыскача баяндалышы дисциплинанын зарылдыгын, актуалдуулугун жана арналышын: окуп-үйрөнүүнүн максаттарын жана милдеттерин; дисциплинаны окуп бүткөндөн кийин студент ээ болуучу билимдер, билгичтиктер жана көнүмдөр системасын камтууга тийиш.

7. Пререквизиттер: - үйрөнүлүп жаткан дисциплинаны өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимдер, билгичтиктер жана көнүмдөр тизмегин камтыган дисциплиналар.

8. Постреквизиттер: - кийинки дисциплиналарды өздөштүрүү үчүн зарыл болгон билимдер, билгичтиктер жана көнүмдөр тизмегин камтыган дисциплиналар.

9. Дисциплинанын кыскача мазмуну.

10. Сабактардын түрлөрү боюнча жумасын, темаларын көрсөтүү менен сааттарды бөлүштүрүүнүн календардык-тематикалык планы. Календардык-тематикалык план атайын бөлүктөрдү камтыган таблица түрүндө таризделет.

11. Студенттердин өз алдынча иштөө графиги. Силлабустун бул бөлүгү студентке берилүүчү тапшырмалардын тизмесин, студенттердин өз алдынча иштөө түрлөрүнүн тизмегин жана мазмунун, аларды уюштуруу боюнча сунуштарды камтууга тийиш. Бул силлабустун сабактарга даярдануу боюнча студенттерге берилүүчү кеңештер көрсөтүлгөн бөлүгү.

12. Адабияттар. Негизги адабияттар: - негизги адабияттардагы булактардын оптималдуу саны-3-5 тен көп эмес базалык окуу китептери жана нормативдүү актылар. Кошумча адабияттар: - кошумча адабияттардын тизмеси 10-15 булактардын аталышын, ошондой эле интернет булактарын камтышы мүмкүн.

13. Баалоо боюнча маалымат.

14. Балл коюу саясаты. Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын шарттарында уюштуруунун элементтеринин бири студенттердин окуудагы ийгиликтерин баалоонун **балл-рейтинг системасы** эсептелет. Баа коюу саясаты объективдүүлүк, айкындуулук, ийкемдүүлүк жана жогорку дифференциация принциптерине негизделет

15. Курс саясаты.

Ар бир окутуучу студенттерге сабактагы жүрүм-турум эрежелерин сактоого, окутуучу менен, башка студенттер менен болгон өз ара мамилесине талаптарды коёт, булар студенттер милдеттүү болуп саналат жана окуу процессинин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылат. Сунушталуучу талаптар тизмеги абдан чоң, төмөндө бардык эрежелер келтирилген жок, негизинен кандай пункттарды силлабуска киргизүүнү окутуучу өзү чечет.

Мисалы:

а) сабактарга сөзсүз катышуу;

б) практикалык (семинардык) сабактардагы активдүүлүгү;

в) сабактарга даярдануу, үй тапшырмаларын жана СӨИ тапшырмаларын аткаруу ж.б.

Төмөндөгүлөргө жол берилбейт:

а) сабакка кечигүү жана сабактан кетип калуу;

б) сабак учурунда уюлдук телефонду пайдалануу;

в) жалганчылык жана плагиат (көчүрүп алуу);

г) тапшырмаларды кечип тапшыруу ж.б.

16. Текшерүү формалары боюнча суроолордун жана темалардын тизмеги.

17. *Силлабустар кафедранын усулдук кеңшинде каралып бекитилет жана факультеттин мөөрү менен тастыкталат.*

3. Дисциплинанын жумушчу программасы

3.1. Дисциплинанын жумушчу программасы – жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын ылайык келген жана студентерди багыт (адистик) боюнча даярдонун өзгөчөлүгүн эске алуучу окуу материалдарын өздөштүрүнүн программасы.

Дисциплинанын жумушчу программасы – ушул дисциплинаны окутуунун максаттарын, милдеттерин, мазмунун жана технологиясын аныктоочу документ. Программа дисциплинанын мазмунунун кыскача баяндалышын, бардык сабак түрлөрүнүн темаларын, темаларды окуп-үйрөнүү удаалаштыгын, окутуучунун жетекчилиги астында студенттин өз алдынча иштөөсү боюнча темаларды, студенттердин өз алдынча иштөөсү боюнча темаларды, билимдерди текшерүү үчүн суроолорду, тапшырмаларды аткаруу жана тапшыруу графигин камтууга тийиш. Программада ушул курс боюнча саясат менен процедураны да көрсөтүү зарыл (студенттердин билимин баалоонун критерийлери, студенттин сабакка катышуусуна, аудиториядагы жүрүм-турумуна коюлган талаптар). Жумушчу программа дисциплинанын жана аны учурдагы окутуунун реалдуу мазмунун көрсөтүү үчүн ошол курс боюнча билимдердин азыркы деңгээлин чагылдырууга тийиш. Программа **жыл сайын** окуу жылы башталганга чейин жаңылануга тийиш.

3.2. Жумушчу программа - кафедрада окутулган ар бир дисциплина боюнча адистиктер үчүн типтүү окуу программаларынын негизинде иштелтип чыгат. Жумушчу программа мазмуну боюнча конкреттештирилет жана окуу планындагы сааттардын торчосу менен бөлүнгөн так убакыт бюджетинин негизинде иштелип чыгат.

3.3. Жумушчу программа ар түрдүү окутуу формасындагы белгилүү дисциплина боюнча сабак өтүүчү окутуучулар тарабыныан түзүлөт.

3.4. Бекитилген жумушчу программалар жаңы семестрдин башталышына бир ай калганга чейин даяр болушу керек. Жумушчу программанын жарамдуулук мөөнөтү кафедра тарабынан коюлат, бирок ал окуу планынын жарамдуулук мөөнөтүнөн өтүп кетпөөсү керек. Жумушчу программага жыл сайын өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип турушу мүмкүн.

Жумушчу программаны мазмуну жана дисциплинаны үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттын көлөмү боюнча корректировкалоо зарыл богон учурда кафедранын чечими менен ал кайра иштелип чыгып бекитүүгө сунушталуусу мүмкүн.

3.5. Күндүзгү жана сырткы окуу формасындагы студенттер үчүн бирдей жумушчу программалары түзүлөт. Жумушчу программада дисциплина боюнча студенттердин жетишүүсүнүн агымдагы көзөмөлү, семестр ичиндеги жана аралык аттестациясын көзөмөлдөөдө колдонулуучу методика көрсөтүлөт. Дисциплина боюнча ар бир көзөмөлдөнүүчү чекитке коюлуучу баа жана жыйынтык баанын пайда болуш эрежелери көрсөтүлөт.

3.6. Жумушчу программа - мамлекетик жана эл аралык билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыгуусу керек. Стандарт жок болуп калган учурда кафедра иштеп чыккан типтүү программанын негизинде түзүлөт. Жумушчу программа дисциплина боюнча студенттерге ачык белгилүү болгон окуу-методикалык комплекстин курамына кирет.

3.7. Конкреттүү багыт боюнча бардык дисциплиналардын бекитилген жумушчу программаларынын кагаз варианты тиешелүү кафедрада, ОшМПУнун "китепкансынын окуу залында брошюра түрүндө, ал эми электрондук варианты ОшМПУнун сайтында (http://www.ogpi.kg) сакталууга милдеттүү.

3.8. Программаны бекитүү процедурасы:
- кафедранын отурумунда каралат, кафедра башчысы тарабынан бекитилет.
- факультеттин Усулдук кеңеши менен макулдашылат.

4. Окутуунун кредиттик системасында дисциплинанын жумушчу программасынын түзүлүшү жана иштеп чыгуу боюнча усулдук көрсөтмөлөр

Жумушчу программанын мазмуну

- Рецензиялар – ички жана тышкы;
- НББПдагы компетенциялардын матрицасынан көчүрмө жана ушул дисциплина калыптандыруучу компетенциялар жана окутуу натыйжалары жөнүндө кафедранын чечими

1. Түшүнүк кат;
2. Дисциплинаны окутуунун максаты жана милдеттери;
3. Негизги билим берүү программасындагы дисциплинанын орду;
4. Дисциплинаны үйрөнүү менен студенттер ээ болуучу компетенциялар;
5. Дисциплинаны өздөштүрүүдөн кийинки күтүлүүчү натыйжалары;
6. Дисциплинанын структурасы жана мазмуну, студенттердин өз алдынча иштеринин графиги;
6. Дисциплинанын материалдык – техникалык жактан камсыздалышы;
7. Баалар боюнча маалымат. Балл берүүнүн талабы
8. Адабияттар
9. Интернет-ресурстар

Дисциплинанын жумушчу программасын иштеп чыгуу төмөнкү *негизги этаптардан* турат:

Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн *максаттарын* түзүү. Дисциплинанын максаттарын коюуда аларды НББПнын жалпы максаттарына дал келтирип, белгилүү бир иш-аракеттердин бүтүндүгүн жана багытын аныктоочу ишмердүүлүктүн алдыда боло турган (келечектеги) натыйжасын көрсөтүү керек. Дисциплинанын максаттарын НББПнын компетенциялар матрицасында ошол дисциплина үчүн белгиленген компетенциялардын негизинде түзүү зарыл. *Мында компетенциялардын формулировкасын көчүрүп алууга жол берилбейт, жалпыдан жекеге – компетенциялардын жалпы формулировкасынан конкреттүү дисциплинанын максаттарына баруу керек.*

Дисциплинаны үйрөнүп бүткөндөн кийин жетише турган *окутуу натыйжаларын* түзүү (кызыкдар тараптар жана негизги керектөөчүлөр: окутуучулар, иш берүүчүлөр, студенттер үчүн жеткиликтүү жана так аныкталган окутуу натыйжалары).

Заманбап билим берүүнүн максаты студенттин инсандык потенциалын, анын алдыдагы турмуштук жана коомдук шарттардагы ***компетенттүү ишмердикке жөндомдүүлүгүн*** калыптандыруу болуп эсептелет. Ошондуктан жумушчу программаларда ***милдеттерди*** эмес, ***окутуу натыйжаларын*** жазуу ***максатка ылайык*** келет.

Окутуу натыйжаларын жазуунун артыкчылыктары мында: алар окутуу процессинин аягында үйрөнүүчүлөрдө эмнелер күтүлө турганын, эмнени билерин, түшүнөрүн жана/же демонстрациялоо абалында болорун, ошондой эле өз жетишкендиктерин кантип көрсөтө ала тургандыгын так баяндап бергендигинде.

Бул жагынан, окутуу натыйжалары окутуу милдеттерине караганда бир топ так, жазуу үчүн бир топ жөнөкөй жана алгылыктуу болуп саналат.

Окутуу натыйжаларынын так түзүлүшү төмөнкүлөргө өбөлгө болот:

а) окутуучунун программалык материалды кандай көлөмдө жана формада окутуу жана баалоо зарыл экендигин так түшүнүүсүнө;

б) студенттер үчүн түшүнүктү тактайт: ал эмнени үйрөнөт, кайсы деңгээлге жетишиши керек жана өз жетишкендиктерин кантип көрсөтүүгө тийиш экендиги так болот.

Дисциплинанын **окутуу натыйжалары** билим берүү программасын **өздөштүрүүнүн натыйжаларына дал келиши** керек. Ошондуктан дисциплинанын окутуу натыйжаларынын баяндалышын ***НББПнын белгилүү бир окутуу натыйжаларынан*** жана андагы ***компетенциялардан*** чыгаруу зарыл.

Дисциплинанын окутуу натыйжаларын билим, билгичтик, көндүмдөр түрүндө (***билет, жасай алат, ээ болот***) берүү сунушталат, анткени бул аркылуу окутуу натыйжаларын түрдүү баалоо каражаттарынын жана текшерүү формаларынын жардамы менен ***өлчөөгө*** болот. Компетенцияларга ээ болуу үчүн пландаштырылуучу окутуу натыйжалары катары окутуучу сунуш кылынган категориялардын баарын эмес (билет, жасай алат, ээ болот), айрым бөлүгүн гана алса да болот (мисалы, көндүмдү же билимди).

Билим (знание) категориясы (билет / знает): үйрөнгөн материалды – конкреттүү фактылардан баштап, бүтүндөй теорияларды эстеп калууну жана кайра айтып берүүнү, маалыматты табууну жана аныктоону, түрдүү ой жүгүртүү операцияларын (түшүнүү, кайра айтуу, окуу материалын илимий тактык жана бүтүндүктүн талап кылынган деңгээлинде түшүндүрүү) аткарууну түшүндүрөт.

Билгичтик (умение) категориясы (жасай алат / умеет): иш-аракеттерди жана/же операцияларды аткарууга, маселелерди чечүүнүн стандарттуу алгоритмдерин кайра кайталоонун негизинде типтүү маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүктү, түзө билүү, эсебин чыгара билүү, гипотезаларды айта билүү, классификациялай билүү ж.б. билгичтиктерин түшүндүрөт.

Көндүм (навыки) категориясы (ээ болуу / владеть) алынган билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн негизинде татаал маселелерди чыгарууга **жөндөмдүүлүктү** түшүндүрөт. **Көндүмдөр** билимдерди жана билгичтиктерди **типтүү эмес кырдаалдарда пайдалануу** аркылуу ишмердүүлүккө тажрыйба топтоо процессинде **калыптанат**. «Ээ болуу» («владеть») термининин ордуна башка терминдерди колдонсо да болот (мисалы, «көрсөтө алат» ж.б.).

Дисциплинанын окутуу натыйжаларынын берилген **компетенцияларга** жана НББПда аныкталган ***окутуу натыйжаларына дал***

келиши жумушчу программанын макетинде берилген таблицада көрсөтүлөт (алгач билим берүү программасынын окутуу натыйжалары, андан кийин аларга кирген компетенциялар (ушул дисциплина калыптандыруучу компетенциялар) жана ушул компетенциялардан дисциплинанын окутуу натыйжалары чыгарылган пункт).

- Окутуу натыйжаларын түзүүдө ***стейкхолдерлердин сунуштары*** жана ***кызыкчылыктары*** эске алынуусу зарыл.

- Дисциплинадан күтүлүүчү окутуу натыйжаларына жетүүнү камсыз кылуучу мазмунду жана окутуу технологияларын иштеп чыгуу.

Окутуудагы компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу үчүн студенттердин кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында сабактарды аудиториядан тышкаркы иштер менен айкалышта өткөрүүнүн активдүү жана интерактивдүү формалары кеңири колдонулушу зарыл.

- Окуу дисциплинасынын темалары (бөлүмдөрү) менен аларда калыптандырылуучу компетенцияларды (жалпы маданий, кесиптик ж.б.) дал келтирүүнүн матрицасы жайгашкан ***дисциплинанын компетенциялар картасын*** түзүү.

- Сабактардын түрлөрү жана модулдар боюнча сааттардын, баллдардын, учурдагы текшерүү (УТ), аралыктагы текшерүү (АТ) жана жыйынтык текшерүүлөргө (ЖТ) баллдардын бөлүштүрүлүшүн көрсөтүүчү ***технологиялык картаны*** түзүү.

- Сабактардын жана текшерүүнүн бардык түрлөрү боюнча дисциплинанын темаларынын, баллдардын бөлүштүрүлүшүн көрсөтүүчү ***баллдарды төптөонун картасын*** түзүү.

- Дисциплинанын ар бир темасынын (бөлүмдөрүнүн) ***максаттарын*** жана ***окутуу натыйжаларын иштеп чыгуу*** (дисциплинадан күтүлүүчү окутуу натыйжаларынын жеткиликтүүлүгү ушуларга байланыштуу болот).

Ар бир теманын (бөлүмдөрдүн) максаттарын жана окутуу натыйжаларын түзүүдө дисциплина үчүн берилген компетенцияларга жана алардын негизинде түзүлгөн дисциплинанын окутуу натыйжаларына таянуу зарыл. Теманын максаттары жана окутуу натыйжалары дисциплинанын окутуу натыйжалары менен компетенцияларынын негизинде чыгарыларын көрсөтүү керек.

- Дисциплинанын ***календардык-тематикалык планын*** иштеп чыгуу. Мында студенттерди конкреттүү иш-аракетке, окутуу натыйжаларына жетишүүгө жана тиешелүү компетенцияларды калыптандырууга багыттоочу семинардык (практикалык), лабораториялык сабактардын жана СӨАИнин ***компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалары*** менен лекциялардын ***планы*** көрсөтүлөт.

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды иштеп чыгууда ***Б.Блумдун таксономиясына таянуу максатка ылайык***. Ага ылайык билим берүүнүн негизги максаттары – ***үйрөнүүчүлөрдө билимдерди алуу*** жана ***түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн, билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн, анализдөө жана синтездөө, баалоо, чыгармачылык билгичтиктерин калыптандыруу***. Тапшырмаларды иштеп чыгууда ***Блумдун***

таяныч этиштерин колдонуу менен студенттерде компетенттүүлүктөрдүн тиешелүү деңгээлин калыптандырууга болот.

Календардык-тематикалык планда дисциплинанын темалары, аларда калыптандырылуучу компетенциялар, лекциялардын жана семинарлардын пландары суроолору менен, СӨАИ үчүн тапшырмалар жана алардын сааттары, баллдары (сабактардын ар бир түрү боюнча студент ала турган баллдар), окутуу методдору жана текшерүүнүн формалары, адабияттар, СӨАИни өткөрүү жана тапшыруу жумалары көрсөтүлөт.

Календардык-тематикалык планды иштеп чыгуу сабактардын бардык түрлөрүндө жана СӨАИни уюштурууда колдонулуучу ***окутуу технологияларын*** иштеп чыгуу менен коштолот.

Календарлык-тематикалык планды иштеп чыгууда сабактардын бардык түрлөрү жана СӨАИ боюнча ***баалоо каражаттарын*** (текшерүү формаларын) да параллель түзүү зарыл. Түзүлгөн ***баалоо каражаттарынын фонду*** дисциплинанын ОМКсынын курамына кошулат.

- **Дисциплинанын окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздалышында адабияттардын тизмесин түзүү.**

Адабияттардын тизмеси катары менен, бирдиктүү номерлөө аркылуу түзүлөт.

Негизги адабияттардын тизмесине базалык (негиз болуучу) окуу китептери жана окуу колдонмолору киргизилиши керек. Муну түзүүдө алардын студенттер үчүн жеткиликтүүлүгү, китепканада жетиштүү сандагы нускада болушу жана гуманитардык-экономикалык дисциплиналар үчүн **акыркы 5 жыл ичинде чыккан**, ал эми табигый-техникалык багыттагы, адистиктердеги атайын жана жалпы билим берүүчү дисциплиналар үчүн **акыркы 10 жыл ичинде чыккан** жылы эске алынууга тийиш.

Кошумча адабияттар негизги адабияттардан аталышы менен айырмаланып берилет. Адабияттардын кошумча булактарынын саны регламенттештирилбейт. Адабияттардын тизмеси ГОСТ 7.1-2003 талаптары боюнча берилет (18 бет №1-тиркеме).

5.

Окуу-методикалык комплекстин түзүмү.

5.1. Окуу-методикалык комплекс (ОМК) – Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде студентти даярдоонун билим берүү программасына кирүүчү окуу материалдарынын студент тарабынан натыйжалуу өздөштүрүлүшүнө жана ишке ашырылышына өбөлгө түзүүчү окуу-методикалык материалдардын жыйындысы болуп эсептелет.

5.2. ОМКнын курамына төмөндөгүлөр кирет:

- Окуу дисциплинасынын Жумушчу программасы жана Силлабусу –жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттардын талаптарына жооп берүүчү жана студентти тандаган багыты боюнча даярдоо өзгөчөлүгүн эсепке алуучу окуу материалын өздөштүрүүнүн программасы.

- Сабактын төмөндөгү түрлөрү боюнча окуу-методикалык материалдар: лекциялар, семинарлар, практикалык, лабораториялык сабактар, текшерүү иштери, курстук иштер, бүтүрүү квалификациялык иштери.

Лекциялык курстун окуу-методикалык материалдарынын (ОММ) курамына төмөндөгүлөр кирет:

а) кафедранын окутуучулары тарабынан иштеп чыгылган окуу китептери, лекциялардын конспектиси (тексттер, схемалар, презентациялар) – басма түрүндө жана электрондук түрүндө; электрондук окуу китеби – лекцияда берилүүчү материалдын мазмунун камтыган файл, таркатма материалдарды камтыган файл;

б) студенттер өзүн өзү текшерүүсү үчүн лекциянын айрым темалары (окуу дисциплинасынын бөлүктөрү) боюнча тесттер жана тапшырмалар;

в) лекция темалары боюнча студенттерге негизги жана кошумча катары сунушталуучу адабияттардын тизмеси (тиешелүү дисциплина боюнча);

ОМКнын курамына кирген семинардык/практикалык сабактардын ОММы төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) сабактарда өтүлүүчү темалардын удаалаштыгы, ар бир тема боюнча материалды өздөштүрүүгө бөлүнгөн аудиториялык сааттын көлөмү көрсөтүлгөн сабактардын планы;

б). студентке семинардык /практикалык сабактарда талкууланууучу суроолордун маңызы менен таанышууга мүмкүнчүлүк берүүчү кыскача теориялык жана окуу-методикалык материалдар;

в) талкууланууга коюлуучу суроолор жана студент семинарга даярдануу учурунда максат багыттуу иштеши үчүн зарыл болгон адабияттардын тизмеси (конкреттүү беттерин көрсөтүү менен, адабияттар тизмеси библиографиялык эрежелерге ылайык түзүлөт;

ОМКнын курамына кирген лабораториялык сабактардын ОММы төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) лабораториялык иштерди аткарууга карата теоретиялык жоболор жана көрсөтмөлөр;

б) лабораториялык сабактарды даярдоого жана өткөрүүгө байланыштуу методикалык суроолор;

в) студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн методикасы;

г) студенттин жумушчу ордун уюштуруу, техникалык коопсуздук эрежелерин, санитардык нормаларды сактоо боюнча сунуштамалар.

ОМКнын курамына кирген бүтүрүү квалиифкациялык иштеринин ОММы төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) курстук иштердин, бүтүрүү квалификациялык иштеринин тематикасы;

б) курстук иштерди, бүтүрүү квалификациялык иштерин аткаруу боюнча алардын тематикасына ылайык кыскача, жалпы жана окуу-методикалык материалды, кошумча адабияттарды камтыган методикалык көрсөтмөлөр (басма же электрондук вариантта), буларды пайдалануу курстук, бүтүрүү квалификациялык иштеринде каралуучу айрым суроолорду тереңирээк окуп-үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет;

в) курстук иштерди, бүтүрүү квалификациялык иштерин аткаруунун методикасы, ал төмөндөгүлөрдү камтыйт: курстук, бүтүрүү квалификациялык иштер боюнча баштапкы маалыматтардын сүрөттөп жазылышы, иштин расчеттук бөлүгүн аткаруунун тартиби, алынган жыйынтыктарды анализдөө методикасы, курстук, бүтүрүү квалификациялык иши боюнча түшүндүрмө каты жана графикалык бөлүгүн жазуу тартиби ж.б.

Учурдагы, аралыктагы, чектердеги жана жыйынтыктоочу текшерүү формалары боюнча ОММ төмөндөгүлөрдү камтыйт:

а) рефераттардын, эсселердин болжолдуу темалары (буларды аткаруу боюнча сунуштамалар дисциплинанын жумушчу программасына киргизилиши мүмкүн);

б) текшерүү иштеринин варианттары, тесттер (материалдар окуу программасындагы айрым темаларды өздөштүрүүнү аныктоого мүмкүндүк берүүчү тапшырмалар топтому болуп эсептелет);

в) окуу программасынын ар бир темасы жана бүтүндөй курс боюнча текшерүү суроолору (суроолор тизмеги билим берүү программасына толук дал келгендей, аныкталган удаалаштыкта берилет);

Терминде сөздүгү (глоссарий). Ар бир дисциплинада атайын терминдер пайдаланылат, булардын мазмуну түшүндүрмө берүүнү талап кылат, андыктан сөздүктө курста жолугуучу терминдердин аныктамасы болушу керек. Алар темаларга тиркелиши же алфавиттик тартипте жайгаштырылышы мүмкүн.

5.3. Дисциплинаны окуп-үйрөнүү боюнча студенттер үчүн методикалык сунуштамалар.

Дисциплинаны окуп-үйрөнүү боюнча методикалык сунуштамалар студентке дисциплинаны өз алдынча окуп-үйрөнүү процессин оптималдуу уюштурууга мүмкүнчүлүк берүүчү сунуштамалардын жана түшүндүрмөлөрдүн комплекси болуп эсептелет.

Методикалык сунуштамалардын мазмуну, эреже катары, төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

а) дисциплинаны окуп-үйрөнүү үчүн зарыл болгон убакытты пландаштыруу жанга уюштуруу боюнча кеңештер;

б) студенттин аракеттенүү удаалаштыгын, же болбосо “дисциплинаны окуп-үйрөнүү сценарийин” сүрөттөп жазуу;

в) окуу-методикалык комплекстин материалдарын пайдалануу боюнча сунуштамалар;

г) адабияттар менен иштөө боюнча сунуштамалар;

д) модулдарга даярдануу боюнча кеңештер;

е) курстун тесттик системасы менен иштөө, үй тапшырмаларын аткаруу боюнча түшүндүрмөлөр.

6. ОМКны иштеп чыгуу тартиби.

6.1. Окуу-методикалык комплекс студенттерди даярдоо адистигинин (багытынын) жумушчу окуу планына ылайык окутууну камсыздоочу кафедранын окутуучусу (окутуучулар жамааты) тарабынан иштелип чыгат. Кафедра ОМКнын сапаттуу даярдалышына, КР Жогорку кесиптик билим

берүүнүн мамлекеттик стандарттарына дал келүүсүнө, тиешелүү дисциплинаны окуу-методикалык жана техникалык жактан, анын ичинде окуу процессин окуу жана окуу-методикалык адабият менен камсыздоого жооп берет.

6.2. ОМКга киргизилүүчү окуу-методикалык жана окуу материалдары илимдин өнүгүшүнүн азыркы деңгээлин чагылдырууга, окуу материалынын логикалуу удаалаштыкта берилишин, студенттер үчүн окуу материалын терең өздөштүрүүгө жана аны практикада пайдалануу боюнча көнүмдөргө ээ болууга мүмкүнчүлүк берүүчү, окуу процессин интенсификациялоонун азыркы усулдарын жана аудиовизуалдык каражаттарын пайдалануну алдын ала карооо тийиш.

6.3. ОМКны иштеп чыгуу этаптары.

Окуу-методикалык комплекс төмөнкүдөй удаалаштыкта иштелип чыгат:

- тиешелүү адистик (багыт) боюнча студентти даярдоонун жумушчу окуу планына кирген дисциплина боюнча силлабусту жана жумушчу программаны иштеп чыгуу;
- лекциялардын конспектисин, практикалык жана лабораториялык иштерди өткөрүүнүн, курстук жана бүтүрүү квалификациялык иштерин даярдоо методикаларын иштеп чыгуу;
- ОМК боюнча документацияны даярдоо;
- ОМК материалдарын окуу процессинде апробациялоо;
- ОМК материалдарын оңдоп-түзөө.

6.4. ОМК материалдарын иштеп чыгуу мөөнөтү кафедра тарабынан – тиешелүү дисциплина боюнча ОМКны иштеп чыгуучу тарабынан аныкталат, кафедранын отуруму тарабынан каттоого алынат. ОММ элементтерин даярдоо окутуучунун окуу-методикалык иштеринин жекече планына киргизилет.

6.5. ОМКны иштеп чыгуучу кафедра:

- ОМКнын документациясын оңдоп-түзөйт жана бекитет;
- ОМК авторлору тарабынан даярдалып, окуу процессинде апробациялоодон өткөн окуу куралдарын жана методикалык көрсөтмөлөрдү кафедранын басылмалар планына киргизет;
- дисциплинаны окутуунун жана ОМК материалдарынын сапатын баалайт.

6. ОМКнын мазмунун жана иштеп чыгуу сапатын текшерүүнү уюштуруу

4.1. ОМКнын мазмунун жана иштеп чыгуу сапатын текшерүү кафедраларга, факультеттердин окуу-методикалык комиссияларына, ОГПИнин окуу-методикалык кеңешине жүктөлөт.

4.2. ОМКны иштеп чыгуучу кафедра ОМКнын мазмунун жана иштеп чыгуу сапатын учурдагы текшерүүнү өткөрөт.

Ушул максатта кафедрада:

- тиешелүү дисциплина боюнча ОМКны даярдоо планы иштелип чыгып бекитилет, планда ОММ комплексин даярдоо мөөнөтү жана жооптуулар аныкталат; учурдагы жыл үчүн даярдоо планы кафедранын басылмалар планында жана окутуучунун жекече иш планында чагылдырылат;

- тиешелүү дисциплина боюнча жумушчу программа факультеттин окуу-методикалык комиссиясы тарабынан өз убагында каралып, рецензияланып, бекитүүгө жиберилет;

- ОМКны иштеп чыгуучулар көрсөтүүчү окуу жана окуу-методикалык материалдар каралат;

- ОМКны окуу процессинде пайдаланууга даярдыгы дайыма бааланып турулат жана ОМКны даярдоо планынан артта калууну жоюу боюнча ыкчам иш-чаралар кабыл алынат.

4.3. ОМКны окуу процессинде апробациялоо алдында кафедра башчысы же ага ыйгарым укуктуу тарап окутуучунун чеберчилигин, берилүүчү материалдын окуу программасына дал келүүсүн, студенттердин окуу материалын өздөштүрүүсүн баалоо максатында сабактарга текшерүү иретинде катышат. Текшерүү сабактарынын жыйынтыгы сабак өткөн окутуучу менен чогуу талкууланат да, негизги жыйынтыктары кафедра башчысы тарабынан бардык башка окутуучуларга жеткирилет.

4.4. ОМК материалдарын оңдоп-түзөө этабында кафедра башчысы анын илимдин, окуу процессин ишке ашыруунун методикасы менен технологияларынын азыркы өнүгүү деңгээлине дал келүүсүн мезгилдүү текшерүүдөн өткөрөт.

4.5. Факультеттин окуу-методикалык комиссиясы жана ОшМПУнун окуу-методикалык кеңеши методикалык жардам көрсөтүшөт, ОМКны даярдоо боюнча тренингдерди, семинарларды өткөрүшөт жана адистиктер (багыттар) боюнча студентти даярдоонун жумушчу окуу планына кирген дисциплина боюнча ОМКнын мазмунун жана даярдалуу сапатын мезгилдүү текшерүүнү ишке ашырат.

Пайдаланган адабияттардын тизмеси:

1. Нурманбетова Д.Н., Нефѐдова Л.В. Методические рекомендации по разработке силлабусов. Издание третье, переработанное и дополненное. – Астана, ЕНУ имени Л.Н. Гумилева, 2011. – 40 с.;
2. Ош мамлекеттик университетинин №19 бюллетени, Ош, 2012-ж;
3. Положение о порядке разработки и утверждения рабочей программы учебной дисциплины Волгоградского государственного медицинского университета, 2014г.;
4. Правила разработки и оформления учебно-методического комплекса дисциплины Казахском национальном университете им. аль-Фараби;
5. Правила разработки и оформления учебных программ дисциплины в Павлодарском государственом университете им. С.Торайгырова.

ГОСТ 7.1-2003 боюнча документтерди библиографиялык жазуунун үлгүлөрү

- **Китептер**

Бир автор болгондо:

1. Иванов, А. Б. Практические основы ремонта гидродвигателей : учеб. пособие для вузов / А. Б. Иванов. – М.: Изд-во РГТУ, 2001. – 280 с.

2. Беликова, Т. Н. Бухгалтерский учет и отчетность от нуля до баланса [Текст] / Т. Н. Беликова. - СПб. : Питер, 2005. - 256 с. - ISBN 5-469-00776-6.

Эки автор болгондо:

3. Избачков, Ю. С. Информационные системы [Текст] : учеб. пособие / Ю. С. Избачков, В. Н. Петров. - 2-е изд. - СПб. : Питер, 2005. - 656 с. - ISBN 5-469-00641-7.

Үч автор болгондо

4. Благосклонная, Я. В. Ожирение - это болезнь : излечение от лишнего веса [Текст] / Я. В. Благосклонная, Е. И. Бабенко, А. В. Красильникова. - СПб. : Невский проспект, 2005. - 128 с. - ISBN 5-94371-024-8.

Төрт же андан ашык автор болгондо

5. Безопасность жизнедеятельности [Текст] : учебник / Л. А. Михайлов, В. П. Соломин, А. Л. Михайлов и др. ; под ред. Л. А. Михайлова. - СПб. : Питер, 2005. - 302 с. - ISBN 5-954 723-954-Х.

Китептерди авторсуз аталышы боюнча жазуу:

6. Основы психологии : учебник [для вузов] / под ред. проф. И. Б. Ждановой и проф. А.А. Зайцековского. – 2-е изд., испр. перераб. - М.: Изд-во ОГМУП, 2006. – 980 с.

- **Көп томдуу басылмалар**

7. Двигатели внутреннего сгорания [Текст] : учебник: в 3 кн. Кн. 1 : Теория рабочих процессов / В. Н. Луканин, М. Г. Шатров, Т. Ю. Кричевская и др. ; под ред. В. Н. Луканина, М. Г. Шатрова. - 2-е изд., перераб. и доп. - М. : Высш. школа, 2005. - 479 с. - ISBN 5-06-004142-5.

- **Методикалык көрсөтмөлөр**

8. Веселов, Г. В. Экономика отрасли [Текст] : метод. указания к курс. работе "Расчет расходов по содержанию судна и эффективности инвестиций в транспортный флот в зависимости от условий перевозки" / Г. В. Веселов, В. И. Минеев ; Волж. гос. акад. водного транспорта. - Н. Новгород : ВГАВТ, 2006. - 36 с.

- **Конференциянын материалдары**

9. «Проблемы экологии» регион. науч.-практ. конф. (2006 ; Иваново). Материалы региональной научно-практической конференции «Проблемы экологии» 20-25 февр. 2006 г. / Ивановский технико-экономический ун-т. – Иваново: Изд-во ТПП, 2006. – 100 с.

- **Диссертациялар**

10. Оголихин, А. С. Разработка системы управления безопасностью на промышленном предприятии с учетом концепции приемлемого риска : дис. …

канд. техн. наук 05.26.01: защищена 12.01.04 / Александр Сергеевич Оголихин ; Южно-Уральск. гос. ун-т. – Челябинск, 2004. – 140 с.

- **Диссертациялардын автореферattары**

11. Иванов, А. П. Диагностика системы управления безопасностью на промышленном предприятии : автореф. дис. … канд. техн. наук (05.26.01) / Иванов Алексей Петрович ; Воронежский. гос. ун-т. – Воронеж, 2004. – 20 с.

- **Электрондук ресурстар**

12. Yandex [Электронный ресурс] : интерактив. учеб. – Электрон. дан. и прогр. – М. : МПром, 1999. – 1 электрон. опт. диск (CD-ROM). – Загл. с экрана.

- **Ресурсы удаленного доступа**

13. Российский аналитический центр [Электронный ресурс] / Центр информ. технологий РАЦ ; ред. Измеров С. А. ; Web-мастер Иванов А. П. – Электрон. дан. – М. : Рос. аналит. центр, 2005. – Режим доступа : http: // rosanalitcentr.narod.ru, свободный. – Загл. с экрана.

- **Жыйнактан алынган макала**

14. Ибрагимов, С. В. Оценка работы в условиях Севера / С. В. Ибрагимов, В. Р. Корзун, Л. И. Стасюк //Транспортные проблемы Сибирского региона: сб. науч. тр. ч.2 – Иркутск: ИрГУПС, 2005. – С. 67-68

- **Укуктук материалдар**

15. Конституция Российской Федерации [Текст]- М. Приор, 2001 - 32 с.

- **Нормативдик документтер**

16. Отчет о научно-исследовательской работе: структура и правила оформления [Текст]. : ГОСТ 7.32-2001. Введ. 2002-07-01. - Минск : Изд-во стандартов, 2001. - 16 с.

- **Патенттик документтер**

17. Пат. 2187888 Российская Федерация, МПК7 H 04 B 1 / 38, H 04J 13 / 00. Приемопередающее устройство [Текст] / Чугаева В. И. ; заявитель и патентообладатель Воронеж. науч.-ислед. ин-т связи. - № 2000131736 / 09 ; заявл. 18. 12. 00 ; опубл. 20. 08. 02, Бюл. № 23 (II ч.). - 3 с. : ил.

- **Сактоого берилген (депонированные) илимий иштер**

18. Социологическое исследование малых групп населения [Текст] / В. И. Иванов [и др.] ; М-во образования Рос. Федерации, Финансовая академия. - М., 2002. - 110 с. - Библиогр. : с. 108 - 109. - Деп. в ВИНИТИ 13. 06. 02, № 145432.

- **Илимий изилдөө иштери жөнүндө эсеп-кысап**

19. Проведение испытания теплотехнических свойств камеры КХС - 2 - 12-ВЗ : отчет о НИР (промежуточ.) / Всесоюзн. заочн. ин-т пищ. пром-ти (ВЗИПП) ; рук. В. М. Шавра. - М. , 1981. - 90 с. - ОЦО 1012ТЗ ; № ГР 80057138. - Инв. № Б119699.

- **Картографиялык басылмалар**

20. Геодезия. Геодезическая карта полезных ископаемых [Карты] : геодезическая обстановка на 2 янв. 2004 г. / сост. и подгот. к изд. НПО “Геодезия” в 2004 г. ; гл. ред. А. А. Каргопольцева ; ред. О. Б. Петрова, А.К. Ломова ; рук. проекта А. С. Измеров. – 1 : 50 000 000. – М. : НПО “Геодезия”, 2004. – 1 к. (3 л.)